ОшМУнун Эл аралык билим берүү программалары колледжинин бөлүм башчылары, окуу жана тарбиялык иштер боюнча директордун орун басарларынын кезексиз өткөрүлгөн жыйынынын протоколу

**Ош шаары** 27.01.2023 саат 10:00

**Төрага:** К.А.Рамашов
**Катчы:** Н.Б.Нуралиева

**Катышкандар**: Ч.Б. Нишанов
Б.С.Давлятова
Г.А.Рахимбаева
Г.А.Мадмарова
Ж.И.Ахунжанова
Ж.А.Таштанова
Н.Н.Нуралиева

Күн тартибинде :

1. Жатаканадагы студенттер менен кураторлордун жана тарбия иштери боюнча жооптуу мугалимдердин иш алып баруусу функционалдык милдеттеринин бири катары.
2. Студенттердин практикасы боюнча маселелер, алардын өтөө мезгилин көзөмөлдөө.
3. Ар бир мугалим, окутуучу ар бир студентке жооптуу жана аларды бөлүм башчылар көзөмөлгө алуусу
4. Стратегиялык иш-план

**№1 маселе**
Угулду:
ЭББП колледжинин директору К.А.Рамашов студенттердин тартиби боюнча сөз баштады. Жалпы жана жатаканада жашап окуган студенттерибиз менен окутуучу кураторлор тыгыз байланышта болуусун жана бул нерсе алардын түздөн-түз милдети экендигин эскертти.
(эч ким каршы эмес)

**№2 маселе**
Угулду:
К.А.Рамашов : Айрым маалыматтарга караганда кээ бирки студенттерибиз практикасын өтөбөй туруп , жакшы деген бааларды алып жатышат . Ошондуктан бул маселеге да кылдаттык мамиле жасашыбыз керек.Студенттин практикасын өтөгөнү, практика өтүлүүчү уюмга келдиби же келген жокпу баарын текшерүүнү да сунуштады.

**ТОКТОМ**

1. Студенттердин тартибин дайым көзөмөлдөө ар бир окутуучу кураторлого жана тарбиячы, тарбиялык иштер боюнча директордун орун басарына дайындалсын.
2. Ар бир практикага чыккан студенттин практикасын өтөп же өтөбөй жаткандыгы текшерилсин.Көзөмөл күчөтүлсүн.

**№3 маселе**
Угулду:
К.А.Рамашов өз сөзундө бөлүм башчылардын бөлүмүндөгү окутуучулардын аткарган иштерин, студент менен болгон мамилесин текшерүүнү белгилеп айтып өттү. Мугалим ар бир студент үчүн жоопкерчиликти мойнуна алаарын эскертти.

**№4 маселе**
Угулду:
Стратегиялык иш пландын мөөнөтү  боюнча сөз болду. Сунуштар болсо кабыл алынаарын К.А.Рамашов эскертип айтты.

Сөзгө чыкты:
Котормо иши англис тили бөлүмүнүн башчысы Ж.И. Ахунжанова: стратегиялык планды түзүп чыкканбыз. Мөөнөтү да 5 жылга, тагыраагы 2025-жылга чейин жарамдуу.

Сөзгө чыкты:
ЭББКнын директору К.А.Рамашов: Бирок кайрадан карап чыгышыбыз керек. Оңдоолуучу бир нече жерлери бар .
(баары макул)

## ТОКТОМ

1. Бөлум башчылары бөлүмүндөгү окутуучуларга тапшырма берилгенде сааты менен,тагыраагы белгилүү бир убакытка чейин, мөөнөтү кошо дайындалып берилсин. Мугалим ар бир студент үчүн жоопкерчиликти мойнуна алсын.
2. Стратегиялык иш-план боюнча сунуштар бөлүм башчылар тарабынан бериле баштасын.
3. Мындан ары өткөрүлгөн ар бир жыйын протоколдоштурулсун .
4. Бир жарым жылдык отчеттор боюнча маалыматтар берилсин.

**Төрага:** **К.А.Рамашов**
**Катчы:** **Н.Нуралиева**